*"Бекитемин"*

*" 5 " " 09 " 2022-жыл*

*Мектеп директору: Аалиев Б.*

## 2022-2023-окуу жылына карата №11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин ата-энелер комитетинин төрайымынын иш планы

| № | Аткаруучу иш чаралар | Мөөнөтү | Жооптулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Ата-энелер комитетин түзүү | Сентябрь | Мектеп администрациясы Ата-энелер |
| 2 | Иш чараларды иштеп чыгуу | Сентябрь | Мектеп администрациясы, Ата-энелер комитети |
| 3 | Ата-энелер чогулуштарын уюштуруу | Убагы менен | Мектеп администрацисы, Ата-энелер комитети |
| 4 | Ата-энелер арасында кароо сынактарды, спорттук иш чараларды өткөрүү жана демөөрчүлүк кылуу | Жыл ичинде | Мектеп администрацисы, Ата-энелер комитети |
| 5 | Ата-энелер арасында ар түрдүү темада лекцияларды өтүп туруу | Чогулуш сайын | Тарбия завуч, класс жетекчилер |
| 6 | Мугалим, ата-энелер болуп кечки рейддерге чыгуу | Убагы менен | Тарбия завуч, Класс жетекчилер, Ата-энелер |
| 7 | Аткарылган иштер тууралуу маалымат берүү | Убагы менен | Ата-энелер комитетинин төрайымы |
| 8 | Жыл жыйынтыгы | Май | Мектеп адмистрациясы, Ата-энелер комитети |

**Тарбия иштери оюнча уюштуруучу**

**жана социалдык педагог: Сатарова М.**

**Ата-энелер комитетин төрайымы: Чотомкулова Б.**

Scanned by TapScanner

"Бекитемин"

"___"___ 2022-жыл

Мектеп директору: Аалиев Б.

**№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2022-2023-окуу жылына карата класс жетекчилер методикасынын бир жылдык иш планы**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Аткаруу мөөнөтү | Жооптулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Бир жылдык иш планды түзүү | Сентябрь | Тарбия завуч |
| 2 | Класс жетекчилер менен чогулуш өтүү. | Сентябрь | Тарбия завуч |
| 3 | Тарбия сабактарга катышуу жана анализ жасоо | Дайыма | Секция жет. тарбия завуч |
| 4 | Класс жетекчилерге балдардын укуктары жөнүндө конвекцияларды түшүндүрүү доклад окуу | Убагы менен | Класс жетекчилер секция жетекчи |
| 5 | Мугалим, ата-эне жана окуучу үч тараптуу келишимдин аткарылышын көзөмөлгө алуу | Жыл ичи | Тарбия завуч |
| 6 | Окуучулардын уюлдук байланыштарын көзөмөлгө алуу жана мектеп формасын козөмөлдөө | Дайыма | Мектеп администрациясы, класс жетекчилер |
| 7 | Мектеп парламентинин иштерин көзөмөлдөө, багыт берүү | Дайыма | Кружок жетекчи |
| 8 | Балдарга таалим-тарбия берүүчү ачык тарбиялык сабактарды убагы менен өткөрүү | Убагы менен | Класс жетекчилер |
| 9 | Класс жетечилер менен чейректин аягында чогулуш өтүү | Чейрек сайын | Мектеп админ. |
| 10 | Майрам күндөрү салтанаттуу иш чараларды, үлгүлүү сабактарды уюштуруу | Убагы менен | Тарбия завуч, класс жетекчилер |
| 8 | Класс жетекчилердин тарбиялык пландарын, конспектилерин текшерүү | Убагы менен | Тарбия завуч |
| 9 | Ата-эне, окуучу жана мугалимдин байланышын чыңдоо. | Убагы менен | Мектеп админ.<br>Класс жетекчи |
| 10 | Класс жетекчинин ишмердүүлүгүн баалоо, жыл жыйынтыгын чыгаруу | Жыл аягында | Тарбия завуч |

**Тарбия иштери боюнча уштуруучу**

**жана социалдык педагог : Алмазбек к А.**

Scanned by TapScanner

# Келишим

**№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектеби.**

**Карл-Маркс айылы.**

№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектеби, профилактикалык кеңеш биринчи тарап жана мектептин ата-энелери экинчи тарап, мектептин окуучулары үчүнчү тарап болуп 2022-2023-окуу жылы үчүн келишим түзүшөт.

## Жалпы жобо

1. Келишим түзгөн 3 тарап тең өз ишин жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, КР мыйзамдарын окутуу тарбиялоого байланыштуу нормативдүү укуктук актыларды жалпы билим берүүчү мектептер жөнүндөгү жобону уюмдашуучулар менен түзүлгөн келишимдерди жана мектептин уставын жетекчиликке алат.
2. Мектеп, ата-эне, окуучулар ортосундагы мамиле түзүлгөн келишимдин негизинде КР мыйзамдарынын чегинде аныкталат. Окуучулар менен алардын ата-энелеринин ортосундагы мамиле мектептин уставынын негизинде жөнгө салынат.
3. Мектеп, ата-энелер, окуучулар тарабынан түзүлгөн келишим бузулса, өздөрүнө тиешелүү мыйзам чегинде жооп берет.

## Тараптын укуктары жана милдеттери

**1-тарап. №11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектеп төмөндөгүдөй милдеттерге ээ:**

- Балдар, ата-энелер (аларды алмаштыруучу адамдар) үчүн уставдын ички тартип эрежелерин ээ.

, ал уюмдарды көзөмөлдөөчү укуктуу мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын байланышуу жолдору жергиликтүү билим берүүчү мекеменин көрүнө жерине илинип коюлат.

- Мектеп өз ишинде балдардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу талаптарын чектөөгө жол бербейт.
- Мектеп акчалай же материалдык кандайдыр бир жыйындарды, акыларды мажбурлап алууга жол бербейт.
- Мектеп окуучусуна каршы келген иштерди уюштуруп, билим берүү иштерди уюштуруп , билим берүү мектебинде тарбиялоого мүмкүн болбой калган мектептин уставын одоно түрдө бир нече жолу бузган 14 жаштан жогорку балдарды мектептен чыгаруу укугуна ээ. Мектептен чыгарылган окуучу жашы жетпегендер менен иштөө комиссиясынын чечими менен атайын окутуу –тарбиялоо мекемелерине жиберилет .
- Окуучулардын рассасына , улутуна , социалдык абалына карабай тен укуктулуктуу мамиле кылуу ..

-Окуучунун сабакка толук катышуусуна көзөмөл жүргүзүлөт. Мектеп окуучусунун өмүрү жана коопсуздугуна саат $8^{00}$дөн $13^{00}$гө жана $13^{00}$дан $18^{:00}$га чейин гана мектеп тарабы жооп берет

**2-тарап. №11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин окуучулары төмөнкүдөй укуктарга, милдеттерге ээ .**

-Окуучу анын ден соолугуна зыян келтирген, анын окуусуна жана өнүгүүсүнө жолтоо болгон жумуштан коргонууга укугу бар.

- Окуучуларга наркотикалык, таксикоманиялык, спирттик ичимдиктерди ичууго жана тамеки чегууго , жардыргыч ж.б.у.с. омурго зыян келтирген заттарды пайдаланууга жана аларды алып жүрүүгө тыюу салынат.
- Сабак учурунда мугалимге тоскоол болууга,мугалим тараптан берилген тапшырмаларды так аткарууга милдеттүү.
- Ар бир КР жараны башталгыч жалпы негизги билим алууга милдеттүү.

-Окуучулар бири-бирине үстөмдүк, зордук – зомбулук кылууга жол берилбейт.

-Ар бир мектеп окуучусу мектептин уставында белгиленген жүрүш –туруш эрежелерин так аткарууга милдеттүү.

-Окууучуга мугалим тарабынан берилген тапшырмаларды туура , так аткарууга жана сыйлоого милдетүү.

-«Перизат» кыздар уюмунун жана «Патриот» балдар уюмунун жетекчилери тарабынан берилген милдеттерди аткарууга, угууга милдеттүү.

-Мектеп тарабынан талап кылынган форманы кийүүгө жана таза тыкан келүүгө, сабактан кийин үйгө түз барууга жана коомдук жайларда кечки саат 18:30дөн кийин жүрбөөгө милдеттүү.

-Сабак учурунда башка жумуштарды кылууга болбойт

-Танапис учурунда мектептин айланасында болгонго (кафе, дүкөнгө, көчөгө чыкпоого) милдетүү

-Мектеп мүлкүнө (парта, стол, көрсөтмө куралдар) зыян келтирсе ордун толуктоого милдетүү.

Scanned by TapScanner

-Сабак учурунда мугалимдерге тоскоол болууга, сабактан себепсиз калууга, кечигип келүүгө, сабактан качууга, сабак учурунда залда басып жүрүүгө тыюу салынат.
-Окуучулар жазгы экскурсияга, походдорго, жүрүштөргө, кафеге барууга, кочого чыгууга, туулган күндөрдү өткөрүүгө, кечелерди уюштурууга ж.б жактарга көңүл ачуусуна тыюу салынат.
-Менчик машинаны айдап чыгууга жол берилбейт.
-Окуучу жолдо жүрүү эрежесин, өрт коопсуздугун , техника коопсуздугун, травматизмди алдын алууга, окуучунун ЭИУ сун билүүгө милдеттүү.
-Мектепке ар кандай коомдук иштерге, кружокторго предметтик жана класс жетекчинин чакыруусу менен гана мектепке келүүгө милдеттүү.
-Окуучу тарабынан келишим бузулса, биринчи жолкусуна эскертүү берилет, экинчи жолкусунда мектептин учетуна алынат, үчүнчү жолкусунда КДД жана ИДНге сунушталат.
*- Келишим менен толук тааныштым, жогорудагы талаптарды аткарууга милдетүүмүн. Өз колум менен кол койдум.*

**3- тарап. №11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин окуучуларынын ата-энелери төмөндөгүдөй укуктарга жана милдеттерге ээ.**

-Ата-энелер жана аларды алмаштыруучу адамдар баланын толук кандуу өсүүсүнө, тарбиялануусуна, билим алуусуна, ден соолугунун чыңдалышына, үй-бүлөсүндө жана коомдук өз алдынча жашоого даярдануусуна зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү. Ата-энелердин экөө тең же аларды алмаштырган адамдар баланын тарбиялануусу , тийиштүү түрдө багылуусу, материалдык жактан жана турак жай менен камсыз болуусу үчүн кам кам көрүүгө бирдей милдеттүү.
-Ата- энелер жана аларды алмаштыруучу адамдар баланы тарбиялоого, алардын билим алуусуна кам көрүүгө, баланын жаш курагына жана жөндөмүнө жараша анын аракеттерин башкарууга укуктуу жана милдеттүү.
-Ата-энелер жана алмаштыруу адамдар ата-энелик укуктарын ишке ашырууда балдардын дене боюна жана психикалык саламаттыгына алардын адеп ыймандык өнүгүүсүнө залал келтирүүгө укуктары жок. Балдарды тарбиялоо ыкмалары баланы этибар албаган катаал, орой адамдык намысты басмырлаган мамилеге, мазактоого жол бербөөгө тийиш.
-Ата-энелер балдарды сабактан кийинки мезгилдердеги тартиптерине, кылмыштуулукка барбоосуна жана терс көрүнүштөргө иш аракеттерине жооп берет жана өз мойнуна алат.
-Баласы, уставында аныкталган тартипте жалпы билим берүү уюмунан берилген сабактарга катышып, тапшырмаларды өз убагында аткарып жаткандыгын көзөмөлдөөгө милдеттүү.
-Мектептин уставын аткарууга милдеттүү.
-Мектепте ата-энелер чогулушуна катышууга миплдеттүү.
-Окуучулар каникул жана эс алуу учурунда, майрам күндөрү ата-эненин көзөмөлүндө болот.
-китептерди жоготсо же айрыса,наркын төлөп берүүгө милдеттүү.
-Баласы ата-энесинин жанында болгондо өз көзөмөлүнө алууга милдеттүү жана бул учурда мектеп тарабы жооп бербейт.
-Ата-эне тарабынан келишим бузулса биринчи жолкусу эскертүү берилет, экинчи жолкусунда КДД жана РОВД га сунушталат
*-Келишим менен толук тааныштым, жогорудагы талаптарды аткарууга милдетүүмүн. Өз колум менен кол койдум.*

| 1-тарап | 2- тарап | 3- тарап |
|---|---|---|
| №11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин 8 -классынын жетекчиси [signature] Саторова Л. | №11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин 8- классынын окуучусу [signature] Жапарбекова Бенозир | №11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин окуучусунун ата-энеси [signature] Маатеримова Ф. |

Scanned by TapScanner